КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл 22-август №9** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылынын тургуну Шатманов Бакытка ээси жок, бош, аныкталган 6-02-02-1001-0017 кодировкасынын ичинде жайгашкан 6 сотых жер тилкени жеке менчигине бөлүп берүү жөнүндө.**

Боо-Терек айылынын Б.Осмонбеков көчөсү менен Кулмат көчөсүнүн ортосундагы ээси жок, аныкталган 6 сотых жер тилкени Шатманов Бакыттын жеке менчигине бөлүп берүү жөнүндөгү арызын талкуулап жана айылдык Кеңешинин депутаттарынын "Жер, айыл чарбасы мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология" боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 3-августундагы Шатманов Бакыттын маселеси боюнча жазылган №8 протоколу менен таанышып, карап чыгып Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXVII сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Айыл өкмөтүнүн башчысы, Боо-Терек айылынын **Б.Осмонбеков кочөсү менен Кулмат көчөсүнүн ортосундагы ээси жок, бош, аныкталган 6-02-02-1001-0017 кодировкасынын ичинде жайгашкан 6 сотых жер тилкени** Шатманов Бакыттын жеке менчигине бөлүп берсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жана тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана айыл өкмөтүнүн жер, турак-жай, коммуналдык маселелер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектөөчү адисине милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын "Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**